## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2013-жылдын июнь айы)*

Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу жана баштапкы рынокто бир кошумча жайгаштыруу боюнча июнь айында бир аукцион өткөрүлгөн. Рыноктун катышуучулары тарабынан 505,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатып алынган, аталган көлөм өткөн айдын ушул эле көрсөткүчкө салыштырмалуу 2,2 эсеге көбөйгөн. Сатуулардын бул көбөйүүсү коммерциялык банктар тарабынан жигердүүлүгүнүн жогорулашынан (мурдагыдай эле бир коммерциялык банк эң эле жогорку жигердүүлүктү көрсөткөн) жана институционалдык инвесторлор тарабынан кызыгуусунун көбөйүүсүнөн улам болгон.

Канааттандырылган суроо-талаптын деңгээли 42,9 пайыздык пунктка төмөндөп, 49,4 пайызды түзгөн. Мында, баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 15,3 пайызды түзүү менен 0,5 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Рыноктун катышуучулары тарабынан суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмү 267,0 млн. сомду түзгөн.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү 5,6 млрд. сомго чейин (+9,9 пайыз) көбөйгөн. Институционалдык инвесторлордун портфели үлүштүк мааниде 50,1 пайызды (+3,2 п.п.) түзүү менен 17,3 пайызга көбөйгөн. Мында, коммерциялык банктардын үлүшүнүн 3,2 пайыздык пунктка (49,8 пайызга чейин) төмөндөөсү байкалган. Резидент-юридикалык жактардын үлүшү өткөн айдагыдай эле 0,1 пайызды түзгөн.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун баштапкы рыногунун концентрациялануу[1] индекси 0,42ни түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү эки инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

[1] Аталган индекс банктар портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээли көрсөтүлөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Июнь'2012 | 3 229 690,0 | 1 994 368,9 | 61,8% | 1 231 173,9 | 38,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Июль | 3 449 700,0 | 2 164 368,9 | 62,7% | 1 281 183,9 | 37,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Август | 3 936 450,0 | 2 563 273,2 | 65,1% | 1 369 974,6 | 34,8% | 3 160,2 | 0,1% |
| Сентябрь | 4 092 450,0 | 2 441 373,2 | 59,7% | 1 647 874,6 | 40,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Октябрь | 4 362 550,0 | 2 441 473,2 | 56,0% | 1 917 874,6 | 44,0% | 3 160,2 | 0,1% |
| Ноябрь | 4 561 550,0 | 2 476 473,2 | 54,3% | 2 081 874,6 | 45,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Декабрь | 4 750 550,0 | 2 486 473,2 | 52,3% | 2 260 874,6 | 47,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Январь'2013 | 4 841 300,0 | 2 536 223,2 | 52,4% | 2 301 874,6 | 47,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Февраль | 4 955 200,0 | 2 650 123,2 | 53,5% | 2 301 874,6 | 46,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Март | 5 075 200,0 | 2 770 123,2 | 54,6% | 2 301 874,6 | 45,4% | 3 160,2 | 0,1% |
| Апрель | 5 089 700,0 | 2 784 623,2 | 54,7% | 2 301 874,6 | 45,2% | 3 160,2 | 0,1% |
| Май | 5 107 700,0 | 2 707 009,2 | 53,0% | 2 397 488,6 | 46,9% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июнь | 5 612 700,0 | 2 796 903,1 | 49,8% | 2 812 594,7 | 50,1% | 3 160,2 | 0,1% |